**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/1**

2025-жылдын 11-сентябры Жаңы-Арык айылы

**“Тынчтык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун тапшырмасын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын талаптарын, ошондой эле 2024-жылдын 6-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” №194 Мыйзамын аткаруу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү тапшырмасына ылайык сессияда карап жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жумгал районунун Куйручук-Кызарт айыл аймагында элдик жыйындардын протоколдорунун негизинде элге түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөндүгү белгиленсин;

2. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын 5 айылында (Кызарт, Жаны-Арык, Базар-Турук, Кызыл-Эмгек жана Куйручук) ресторан, кафе жана башка көңүл ачуучу жайлардын иши түнкү саат 22.00 чейин толук токтотулсун;

3. Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башкы адисине, айыл башчыларга жана социалдык кызматкерлерине рейддерди график менен уюштуруу жана элге мындан ары дагы түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туруу жагы милдеттендирилсин;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**